# ОШ-ЖИБЕК ЖОЛУНУН БЕРМЕТИ

Байыркы жазма эстеликтерден алынган маалыматтарга караганда орто кылымдарда Ош шаары чыгыш менен батышты туташтырып турган улуу ж и б е к ж о л у н у н эң бир маанилүү , негизги борбору болуп турган. Фергана өрөөнүндөгү көптөгөн шаарлар менен Чыгыш Түркстанды, андан ары Кытайды байланыштырып турган улуу жибек жолу Ош шаарынан Мады аркылуу Алай багытына өтсө, экинчи бутагы катары Өзгөн шаары аркылуу Борбордук Тянь- Шаньга, Ысык- Көлгө, андан ары Чыгыш Түркстанга карай кеткен.

Ош шаары- тогуз жолдун тоому катары орто кылымдагы соода борбору болуп, андан батышка карай Иран, Ирак, Турция, Арабстан жана Римге чейин, Түштүккө карай- Афганистан, Персия жана Индияга чейин жол багыт алган. Узак жолдо жүрүп чаалыккан кербенчилер Фергана өрөөнүнүн түгөнгүс болгон, суусу мол, жайы салкын, бейиш сымал Ош шаарына келишин өргүшүн, тыныгышын, базар бааларын иликтешин, андан ары өз жолдорун улантышкан. Андыктан шаар жөнүндө араб географы Макдиси 10- кылымда көптөгөн каналдары бар экенин, базарлары көп экенин, эл жыш отурукташкан, суулары мол, абасы таза, салкын экендигин өзгөчө белгилеген.

Жазма эстеликтердеги кээ бир маданий багыттар боюнча айтылган ойлор археологиялык казуулардын негизинде аныкталып олтурат. Мисалы, орто кылымдагы жер асты менен суу алынып өтүлгөн карапа куурлардын шаардын ар кайсы жерлеринен табылышын келтирсек болот. Бирок, орто кылымдардын башатында шаар тоонун кайсы тарабында көбүрөөк өнүккөндүгү тууралуу маалымат бизге белгисиз. Ошого карабай шаардын үч дарбазасы, анын ичинде чеби, медреселери , мунаралуу мечиттери, дарбазага жакын жерлерде чуулгандуу базарлары болгонун, бири-бирине жөлөнө салынган шаарлыктардын там үйлөрү, алар болмолорго бөлүнгөнүн аңдоого болот.

2

# МААЛЫМА

Облустук коомдук-саясий гезит

**"Ош жаңырыгы"**

*Уюштуруучулар: Ош облустук мамлекеттик администрациясы менен депутаттардын облустук кеңеши.*

*Гезит Кыргыз жумуриятынын юстиция министрлигинде катталган. Катталуу күбөлүгү N 047.*

Башкы редактор
А. ПАЗЫЛОВ.
Кабылдама 2-39-14

ТЕЛЕФОНДОР:
2-46-56, 2-38-34,
2-49-11, 2-15-89,
2-49-10, 2-21-39,
2-26-82.

Редакциянын дареги:
714000. Ош шаары,
Курманжан-Датка көчөсү 209.

**Жарыя жана кулактандыруу маселелери боюнча "Ош-пресс" рекламалык агентствосуна кайрылыныздар (редакцияда) Оштогу тел. 2-60-59. Бишкектеги тел. 26-57-14. Редакция рекламанын мазмунуна жооп бербейт.**

Гезит аптасына эки жолу

## ОШ-ЖИБЕК ЖОЛУНУН БЕРМЕТИ

(Уландысы. Башы 1-бетте)

Ал эми шаардын ханы анын ортосуна тоого жөлөнө салынган чептө туруп, башка жактан чабуул койгон душмандар шаарга кол салса, үй- бүлөсү менен чепке кирип сактанышкан. Тоонун чокусуна атайын кароолдор коюлуп, алыстан көрүнгөн жолдордун уюлгуган чаңдары аркылуу кайсы тараптан коркунуч келе жатканын кабарлап турушкан. Андан башка, тоонун айланасында шаардагы феодал бай адамдар, ири жер ээлери, оокаттуу соодагерлер өзүнчө короолордо өзгөчө там үйлөрдө турушкан. Ал эми кол өнөрчү, курулушчулар, оокаттуу адамдардын колун караган төмөнкү катмардагы шаардын кедей тургундары, колго түшкөн кулдар Фергана өрөөнүндөгү башка шаарлардагыдай эле Ош шаарынын чептерин, сарайларды, белгилүү адамдардын имараттарын, мечиттерди жана медреселерди курушкан. Андан сырткары кербен сарайларды, жүргүнчүлөр туруучу имараттарды, каналдарды, хаузларды, көпүрөлөрдү курушуп, жолдорду оңдошкон. Шаарда күнөөлүүлөрдү камап тартипке салып турган түрмөкана да болгон.

Шаардагы кол өнөрчүлөрдүн, курулушчулардын, усталардын жогорку профессионалдык чеберчилиги жөнүндө бизге жеткен жыгачтан, темирден жана териден жасалган ар түрдүү буюмдардын калдыктары, сыныктары аркылуу божомолдоого болот. Ал буюмдардын көпчүлүгү I X—XII— кылымдарга, азыраак болугу XIII кылымга таандык экендиги аныкталып, азыр алар Ош облустук край таануу музейинде сакталып турат. Ал буюмдардын жасалыш формасы, сырдалышы жана кооздугу аркылуу эмгекти ушунчалык сүйгөн кол өнөрчүлөрдүн, курулушчулардын, башка дагы материалдык маданият сферасынын чебер усталары жашаганын билебиз.

Шаардын элинин көбөйүп, соода- сатык иштеринин күчөп кетишине Улуу Жибек жолунун негизги түйүнүндө, тогуз жолдун тоомунда болгондугу абдан зор роль ойносо керек. Андан да шаардын географиялык абалы саякатчыларды, батыштан чыгышка, чыгыштан батышка каттаган соода кербенчилерин кызыктырган сыяктанат.

Араб саякатчылары жана географтары Абу Исхак Истахринин жана Абу Абдаллах Мухаммед Мукаддастын жазып кеткенине караганда Ош шаары чоңдугу жагынан Фергана өрөөнүндөгү үчүнчү шаар болуп, X кылымдагы С а м а н и д мамлекетинин борбору болуп тургандыгы айтылат. Ал эми шаардын кооздугу, абасынын тазалыгы , суусунун молдугу тууралуу аз эмес сөз жүрөт.

IX—X кылымдардагы Фергана өрөөнүндөгү башка бардык шаарлардын жана ошондой эле алардын катарында Ош шаарынын тарыхы бул аймактардагы өндүргүч күчтөрдүн , кол өнөрчүлүктүн жана соода- сатык иштеринин өнүгүшү менен тыгыз байланыштуу. Соода- кербен жолунун боюнда жаткан шаарлар менен Ош шаарынын аралыгын эскерип жазып кеткен араб тилиндеги жазма эстеликтердеги эң алгачкы маалыматтар бүгүн бизге көп нерсени билдирип турат. Ибн Хордадбектин, Ибн ал- Факибдин жана Кудам ибн Джафардын жазып калтырган эстеликтеринде жана эмгектеринде шаарлардын, аларга жакын турган кыштактардын аралыктары жөнүндө сөз жүрөт. Мисалы, Курам ибн Джафардын жазганы боюнча "Куба менен Оштун аралыгы бир узак күндүк жол экендиги, же болбосо жети фарганг жол экендиги, ал эми Оштон Мадыга чейин 2 фарсанг, Өзгөнгө чейин бир күндүк узак жол экендиги" айтылат.

Ош шаары жөнүндөгү бир топ кеңири маалыматты, ошондой эле анын ролу жөнүндө жана орто кылымдын башындагы Фергана өрөөнүндөгү шаарлардын борбордук болуугунун жалпы саясий курулушу тууралуу араб авторлорунун бири ал Истахринин " Өлкөлөрдүн жолдору китебинен" алабыз:

"Ферганада бир нече облустар бар, анын ар биринде көп сандагы шаарлар бар, ал шаарлардын ар биринин өзүнө караган көптөгөн айылкыштактары бар"- деп жазат. Бул маалыматка караганда ал—Истахринин мезгилинде эле( X кылымда) Фергана өрөөнү калк көп отурукташкан аймак экенин билүүгө болот. Ал эми Ош шаары- " Фергана өрөөнүндөгү чоңдугу жагынан- үчүнчү шаар болгондуктан" өз мезгилинде бардык турмуштук жагдайлар боюнча зор роль ойноп турганын билебиз жана байкайбыз.